4. Андреева, Т. В. Семейная психология: Учеб. Пособие [Текст] / Т.В. Андреева. – СПб. : Речь, 2004. – 244 с.
5. Сказка длиною в жизнь. Учебник семейного счастья Татьяна Габерман Электронный учебник.

**УДК: 373.2**

***Казиева Э.***
*Казиева Эрмек – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

## СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДОРДУН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮЛҮШҮ

## СОДЕРЖАНИЕ И СТРУКТУРА ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ СОЦИАЛЬНЫХ ПЕДАГОГОВ

## CONTENT AND STRUCTURE OF PROFESSIONAL COMPETENCE OF SOCIAL PEDAGOGUES

***Аннотация.*** *Кесиптик компетенттүүлүк-азыркы учурдагы адистердин маанилүү сапаттарынын бири болуп эсептелинет. Кыргыз Республикасында социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүк маселесине кызыгуу артылууда, себеби ички жана сырткы миграция, этностор аралык мамилелердин курчушу, турмуштун оор кырдаалына туш болгон жана мектепке барбаган балдардын үй- бүлөлөрүнүн санынын өсүшү жана ага байланышкан көйгөйлөрдүн көбөйүшү адиске болгон коомдун талабынын деңгээлин өстүрдү. Социалдык педагогдорго коюлган кесиптик талапта социалдык-педагогикалык ишмердүүлүктүн бар болгон шарттарынан келип чыгат. Социалдык педагогдун негизги милдети колдоого муктаж болгон адам менен конструктивдүү мамилени түзүү. Социалдык педагогдун кесиптик ишмердүүлүгү педагогикалык процесстин көптөгөн катышуучулары менен тыгыз өз ара аракеттенүүдө ишке ашырылат.*

***Аннотация.*** *Профессиональная компетентность считается одним из важнейших качеств современных специалистов. В Кыргызской Республике возрастает интерес к вопросу профессиональной компетентности социальных педагогов, поскольку внутренняя и внешняя миграция, обострение межэтнических отношений, увеличение количества семей детей, находящихся в трудной жизненной ситуации и не ходят в школу, а увеличение сопутствующих проблем повысило уровень востребованности обществом специалиста. Профессиональные требования к социальным педагогам вытекают из существующих условий социально-педагогической деятельности. Основная задача социального педагога – создать конструктивные отношения с человеком, который нуждается в поддержке. Профессиональная деятельность социального педагога осуществляется в тесном взаимодействии со многими участниками педагогического процесса.*

***Annotation.*** *Professional competence is considered one of the most important qualities of modern specialists. In the Kyrgyz Republic, there is a growing interest in the issue of professional competence of social teachers, since internal and external migration, aggravation of interethnic relations, an increase in the number of families of children in difficult life situations and do not go to school, and an increase in related problems have increased the level of demand for a specialist by society. Professional requirements for social educators stem from the existing conditions of social and pedagogical activity. The main task of a social educator is to create a constructive relationship with a person who needs support. The professional activity of a social pedagogue is carried out in close cooperation with many participants in the pedagogical process.*

Кесиптик компетенттүүлүк-азыркы учурдагы адистердин маанилүү сапаттарынын бири болуп эсептелинет. Кыргыз Республикасында социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүк маселесине кызыгуу артылууда, себеби ички жана сырткы миграция, этностор аралык мамилелердин курчушу, турмуштун оор кырдаалына туш болгон жана мектепке барбаган балдардын үй- бүлөлөрүнүн санынын өсүшү жана ага байланышкан

көйгөйлөрдүн көбөйүшү адиске болгон коомдун талабынын деңгээлин өстүрдү.

Кесиптик компетенттүүлүктүн өнүгүү маселесине россиялык (С.Г.Вершловский, И.А.Зимняя, Ю.Н.Кулюткин, Н.В.Кузьмина, А.К. Маркова, В.В. Серикова, В.А. Сластенин, А.В. Хуторской, В.Д. Шадриков, И.С. Якиманская) жана кыргызстандык (А.М.Мамытов, К.Д. Добаев, А.К.Наркозиев, Н.К.Дюшеева, А.С.Раимкулова, А.К.Чалданбаева, Г.А.Джумагулова, Э.Р.Нуркулова, С.Р.Сирмбард) окумуштуулар өзүнүн салымын кошушкан. Бул окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн натыйжасынан компетенттүүлүк мамиленин теориясынын негизи калыптанган, тактап айтканда, кесиптик компетенттүүлүктүн маңызы, мазмуну, түзүлүшү, аны калыптандыруудагы технологиялык негиздер иштелип чыккан, шарттары аныкталган.

Азыркы учурда билим берүүнүн стратегиясында социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн калыптанышы жана өнүгүүсү көрсөтүлгөн. Кесиптик компетенттүүлүк маселесин изилдеген окумуштуулардын ойлорун жалпылап карасак, алар социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн эки негизги аспектисин аныкташкан.

Биринчи аспект бир нече деңгээлдерден турат, алар социалдык педагогдун ар түрдүү оор турмуштук кырдаалга туш болгон балдар менен иштөөдө туура аракеттенүүсүн, жыйынтык чыгаруусун жана көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгүн баалоого мүмкүнчүлүк берет.

Экинчи аспект – бул социалдык педагогиканын максат, милдеттеринен, заманбап шарттарынан, перспективаларынан келип чыккан адистерге карата негизги кесиптик талаптар. [2]

Социалдык педагогдорго коюлган кесиптик талаптар социалдык- педагогикалык ишмердүүлүктүн бар болгон шарттарынан келип чыгат. Социалдык педагогдун негизги милдети – колдоого муктаж болгон адам менен конструктивдүү мамилени түзүү.

Социалдык педагогдун кесиптик ишмердүүлүгү педагогикалык процесстин көптөгөн катышуучулары менен тыгыз өз ара аракеттенүүдө ишке ашырылат. Алар балдар, өспүрүмдөр, чоң адамдар, кесиптештер, окуучулардын ата-энелери, башка мамлекеттик органдардын адистери.

Россиялык окумуштуулар (В.А. Сластенин, Л.И. Анциферова, Е.М. Павлютенков, А.А.Вербицкий) кесиптик компетенттүүлүктүн мазмунун аныктоодо социалдык педагогдун кесибинин татаал болгондугу анын көп ар түрдүү мамилелер менен шартталганын белгилешет. Кесиптик компетенттүүлүктүн мазмунун аныктоодо төмөнкү мамилелер бар: [3]

1. Башкаруучулук мамиле – социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнүн башкаруучу түрмөгү жана кырдаалдык маселелерди чечүүдөгү этаптары аркылуу каралат.

2. Инсандык-ишмердүүлүк мамиле – социалдык педагогдун инсандыгына, анын ишмердүүлүгүнө жана баарлашуу жөндөмдүүлүгүнө кайрылат.

3. Системалык мамиле кесиптик компетенттүүлүктүн калыптандыруу жана өнүгүүсүнүн төмөнкү багыттарды изилдейт:

- ишмердүүлүктүн системасын (функционалдык түзүлүшү);
- ишмердүүлүк субъекттеринин инсандык өзгөчөлүктөрүн;
- кесиптик калыптануу процессинде кесиптик ишмердүүлүктүн объектисин.

4. Акмеологиялык мамиле чеберчиликке, искусствонун өтө жогорку деңгээлине жеткирүү жолундагы этап катары каралат.

5. Аксиологиялык мамиле – маданияттык баалуулуктарды жаратуучу жана өзгөртүүгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу.

6. Процессуалдык-динамикалык мамиле өзүнүн түзүлүштүк элементтери боюнча каралат:максат, мазмуну, технологиялар, өз ара аракеттенүүсү, натыйжа.

Социалдык педагогдун кесиптик компетенттүүлүгү анын социалдык- педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашыруу үчүн теориялык жана практикалык даярдыгын, кесипкөйлүгүн, кесиптик билгичтигин жана билимин билдирет. [4]

Социалдык кызматкер жана социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнүн максаттарын, функцияларын, объектилерин, жыйынтыктарын түшүнүү менен кээ бир учурларда өз ара байланышты жана чаташууну дагы көрсөк болот. Социалдык кызматкер менен социалдык

педагог окшош көйгөйлөрдү чечүү менен алектенишет, ошого карабастан алардын иштөө функциялары жана технологиялары кээ бир көйгөйлөрдү чечүүдө гана дал келет жана бири-бирин толуктап турушат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Воронин, Г.А. Методика и технология работы социального педагога [Текст] / Г.А. Воронина. – М., 2001.
2. Джакубова, Н.И. Становление новой социальной профессии в Кыргызстане [Текст] / – Б.: Билим куту, 2006. – 72 с.
3. Зимняя И.А. Ключевые компетенции-новая парадигма результата образования // Эксперимент и инновации в школе -2009- №2-С.7-13
4. Крылова, Т. Работа социального педагога с семьей группы риска[Текст] // Социальная педагогика. – 2009. – №4. – 32 с.


**УДК: 373.2**

***Касымова Г. А., Атышова Н., Казиева Э., Калыбек кызы А.***

*Касымова Гүлжамал Абдиловна – п.и.к., доц.м.а., С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Атышова Н. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Казиева Э. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ;*
*Калыбек кызы А. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ТАРБИЯЛОО ПРОЦЕССИНДЕГИ АТА-ЭНЕ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДОРДУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН БААЛУУЛУГУ

# ЦЕННОСТЬ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ РОДИТЕЛЕЙ И СОЦИАЛЬНЫХ ПЕДАГОГОВ В ПРОЦЕССЕ ВОСПИТАНИЯ

# THE VALUE OF THE ACTIVITIES OF PARENTS AND SOCIAL PEDAGOGUES IN THE PROCESS OF EDUCATION

***Аннотация:*** *Балдардын ар тараптуу өнүгүүсүндө үй-бүлө, ата-эне, мугалим, класс жетекчинин, соцпедагогдун, ж.б. таасири өтө зор. Сүйүү жана түшүнүү атмосферасында өскөн балдардын ден-соолугунда, окууда, курдаштары менен баарлашууга тийиштүү көйгөйлөр жокко эсе болмокчу. Окуу процессинин жалпы катышуучуларынын бирдиктүү, максаттуу жана пландуу иш аракеттеринин натыйжасында ар тараптуу өнүккөн инсандарды тарбиялоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз.*

***Аннотация:*** *Роль семьи, родителей, учителя, классного руководителя, социального воспитателя и др. во всестороннем развитии детей очень велика. У детей, которые воспитываются и формируются в атмосфере любви и понимания, не будет проблем со здоровьем, обучением и общением со сверстниками. В результате совместной, целенаправленной и планомерной деятельности всех участников образовательного процесса мы получим возможность воспитывать всесторонне развитых личностей.*

***Abstract:*** *Role of family, parents, teacher, class teacher, social educator, etc. Children are very important in all-round development. Children who are brought up and formed in an atmosphere of love and understanding will not have problems with health, education and communication with peers. As a result of the joint, purposeful and planned activity of all participants in the educational process, we have the opportunity to educate well-rounded individuals.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тарбиялоо, окуу-тарбиялоо процесси, ата-эне, коомчулук, социалдык педагог, социалдык педагогикалык ишмердүүлүк, үй-бүлө.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, воспитательный процесс, родители, сообщество,*